# Ош Мамлекеттик Университети
# Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
# №6 ПРОТОКОЛУ

*30.01.23. Ош шаары*

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: *м.и.д.,проф. Калматов Р.К.*
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: *б.и.к., доцент Ташматова Н.М.*
Катышкандар: 23, *4-онлайн*
Себептүү катышпагандар: 2
Себепсиз катышпагандар:
Чакырылгандар: *жок*

## КҮН ТАРТИБИ:

1. **Магистратуранын "560100-Коомдук саламаттык" адистигинин негизги билим берүү программасын жана стратегиялык планын бектитүү (баяндамачы: Магиструтура боюнча жооптуу Турусбекова А.К.)**

2. **СГД, КДЗ, ХДТ кафедраларынын окуу-усулдук, процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы(баяндамачы: комиссия.)**

3. **ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин нормативдик-укуктук актыларын бекитүү. (баяндамачы: Момунова А.А.)**

4. **Ар түрдүү маселелер**

*Кыргыз Республикасынын Гимни угулду.*

**1. Магистратуранын "560100-Коомдук саламаттык" адистигинин негизги билим берүү программасын жана стратегиялык планын бектитүү (баяндамачы: Магиструтура боюнча жооптуу Турусбекова А.К.)**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди жана биринчи маселе Магистратуранын "560100-Коомдук саламаттык" адистигинин негизги билим берүү программасын жана стратегиялык планын бектитүү боюнча Магиструтурага жооптуу А.К. Турусбековага сөз берди.

**Турусбекова А.К.: баяндама жасады** (документтер тиркелген)

**Атабаев И.Н., Джумаева Л.М. ж.б.**

**Талкуу:**

**Чыгып сүйлогөндөр:**

Атабаев И.Н., Момунова А.А сүйлөштү.

ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинин 2023-жылдын 30-январындагы №6-жыйынындагы отурумунда 2023-жылга "560100-Коомдук саламаттык" адистигинин негизги билим берүү программасын жана стратегиялык планын бектитүү боюнча жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде

**ТОКТОМ кылат:**

1. 2023-жылга "560100-Коомдук саламаттык" адистигинин негизги билим берүү программасын жана стратегиялык планын бекитилсин.

2. Аталган иш-аралардын аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык медицина факультетинин магистратура боюнча жооптуу А.К. Турусбековага жүктөлсүн.

**2. СГД, КДЗ, ХДТ кафедраларынын окуу-усулдук, процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы.**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов 2-маселе менен тааныштырып, регламент бекитилди жана СГД, КДЗ, ХДТ кафедраларынын окуу-усулдук, процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы боюнча комиссияга сөз берди.

**Момунова А.А. баяндама жасады**

**Талкуу:**

**Чыгып сүйлогөндөр:**

**Калматов Р.К**.: Талкууга өтөбүз. Кимде кандай ой бар.

Ысмаилова Р.А., Момунова А.А., Курбанбаев О.И чыгып сүйлөп, ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинин 2023-жылдын 30-январындагы №6-жыйынындагы отурумунда СГД, КДЗ, ХДТ кафедраларынын окуу-усулдук, процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы боюнча жарыш сөздөрдө айтылган талкуунун, сунуштарды эске алып, Окумуштуулар Кенеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. Факультеттин өз ара текшерүү боюнча түзүлгөн комиссиянын билдирүүсү эске алынсын.

2. СГД кафедрасында 1.06.2023-жылга чейин сапаттык курамын чыңдоо боюнча иш-чаралар иштелип чыксын.

3. Кафедралар сайттарды толуктоо, тобокелчиликтерди башкарууга жана НББП ишке ашырууда ылайык келбегендиктерге талдоо жүргүзүү, инновациялык билим берүү технологияларды тереңирээк өздөштүрүү жана колдонуу, англис тилидеги окуу-методикалык пособияларды, илимий макалаларды жарыкка чыгаруу күчөтүлсүн, кафедра башчылар иш-аракеттерге туруктуу мониторингди жана бардык иш-чаралардын натыйжалуулугун көрсөтүүнү талдоону камсыз кылсын ж.б. комиссиянын сунушу боюнча 2023-жылдын 1-июнуна чейин ишке ашырылсын;

4. Ар бир предметтердин англис тилиндеги элективдик дисциплиналар каталогун 2023-жылдын 1-февралына чейин көбөйтсүн.

5. Бүтүрүүчү кафедралар 05.03.2023-жылга чейин ММФнын өткөн жылдардын бүтүрүүчүлөрү менен практикалык иш-аракеттеринин тажрыйбасы менен таанышуу максатында онлайн жолугушуулар, дискуссия, жолугушуулардын пландарын иштеп чыгышсын жана бүтүрүүчүлөрдүн маалымат базасы түзүлсүн.

6. Комиссиянын сунуштары боюнча, ар бир кафедра башчысы эскертүүлөрдү эске алып, кылынган иштери боюнча кайтарым байланыш катары мониторнгден кийинки отчет берилсин; Бул токтомдордун аткарылышы кафедра башчыларына милдеттендирилсин жана көзөмөлдөө окуу иштери боюнча декандын орун басарлары Л.М. Джумаева жана И.Ж. Исмаиловго жүктөлсүн.

**3. ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин нормативдик-укуктук актыларын бекитүү. (баяндамачы: Момунова А.А.)**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин нормативдик-укуктук актыларын бекитүүнү талдоо үчүн А.А. Момуновага сөз берди**.**

**Момунова А.А. баяндама жасады.**

**Талкуу:**

Калматов Р.К., Ысмаилова Р.А., Салиева Р.Ш, чыгып сүйлөшүп, ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинин 2022-жылдын 30-январындагы №6-жыйынындагы отурумунда ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин нормативдик-укуктук актыларын бекитүү боюнча жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кенеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин нормативдик-укуктук актылары бекитилсин.
2. Бекитилген документтердин ишке ашырылуусун УМС төрайымы Салиева Р.Ш. жүктөлсүн

**4. Ар түрдүү маселелер** .

**4.1 Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов ар түрдүү маселе боюнча Эл аралык медицина факультетинин АГНФ кафедрасынын ПО курамы тарабынан даярдалган TRAINING MANNUALS – ALBUM in Human Histology" деп аталган окуу куралын басмадан чыгарууга сунуштоо

**Талкуу:**

м.и.к., доценттер:, С.Ж.Джолдубаев, Р.А. Маматова С.М., М.М. Бугубаевалар жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, басмадан чыгарууга сунушташты.

Жогорудагы жарыш сөздөрдү негизинде окуу-методикалык пособиесин басмага сунуштоо боюнча

**ТОКТОМ кылат:**

1. Эл аралык медицина факультетинин АГНФ кафедрасынын ПО курамы тарабынан даярдалган TRAINING MANNUALS – ALBUM in Human Histology" деп аталган окуу куралын басмадан чыгарууга сунушталсын;

2. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

**4.2. Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов ар түрдүү маселе боюнча Эл аралык медицина факультетинин ПБКФ кафедрасынын ПО курамы тарабынан даярдалган “Методическое руководство для преподавателей медицинских вузов по применению интерактивных методов TBL, PBL, RBL в срезе тем по предмету патофизиология" деп аталган усулдук колдонмону басмадан чыгарууга сунуштоо

**Талкуу:**

м.и.к., доценттер:, С.Ж.Джолдубаев, Р.А. Маматова С.М., М.М. Бугубаевалар жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, басмадан чыгарууга сунушташты.

Жогорудагы жарыш сөздөрдү негизинде окуу-методикалык пособиесин басмага сунуштоо боюнча

**ТОКТОМ кылат:**

1. Эл аралык медицина факультетинин ПБКФ кафедрасынын ПО курамы тарабынан даярдалган "Методическое руководство для преподавателей медицинских вузов по применению интерактивных методов TBL, PBL, RBL в срезе тем по предмету патофизиология" деп аталган усулдук колдонмону басмадан чыгарууга сунушталсын;

2. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Окумуштуулар Кеңешинин
төрагасы, профессор: Р.К. Калматов

Окумуштуулар Кеңешинин катчысы: Н.М. Ташматова